DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Кудабаева Г.Б., Сейдакматова А.Э.*

# БАЛАНЫН ИНСАН БОЛУП КАЛЫПТАНУУСУНДА ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНЫН МААНИСИ

*Кудабаева Г.Б., Сейдакматова А.Э.*

# ЗНАЧЕНИЕ СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ В РАЗВИТИИ ЛИЧНОСТИ РЕБЕНКА

*G.B. Kudabaeva, A.E. Seidakmatova*

# THE IMPORTANCE OF FAMILY UPBRINGING IN THE DEVELOPMENT OF THE CHILD'S PERSONALITY

*УДК: 159.9*

*Тарбиялоо ишмердүүлүгү балдардын инсан болуп калыптануусундагы өзгөчө мааниге ээ болгон актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Өзгөчө үй-бүлө тарбиясында баланын инсан болуп калыптануусун талдап кароо маанилүү. Үй-бүлөдө тарбиялоо процесси эң татаал, эң оор процесстерден. Анткени, баланын аң-сезиминин өсүп өнүгүүсү, акыл-эс иш-аракеттеринин, алардын эмоционалдык эрк сапаттарынын калыптануусу, жекече инсандык сапаттары болгон темпераменттеринин, мүнөздөрүнүн, шык, жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүп өнүгүп калыптануулары тарбия процесстери аркылуу да ишке ашат. Балдардын жүрүм-турумдарындагы оң сапаттарды калыптандырууда ата-энесинин жүрүм-туруму, бири-бирин сыйлоосу, өз ара түшүнүшүүлөрү үлгү катары каралат. Үй-бүлөдө дайыма жагымдуу жагдай түзүлүшү зарыл. Балдар ата-энелерин, жакындарын сыйлоого, жардам берүүгө бала кезинен тарбияланышы абзел. Мындай учурда үй-бүлө тарбиясынын орду өзгөчө белгиленет. Ошондуктан, тарбиялоо процессинде балдардын жекече (темпераментине, мүнөзүнө, жөндөмүнө) өзгөчөлүктөрүнө жана жаш курак өзгөчөлүктөрүнө терең көңүл буруу зарыл.*

***Негизги сөздөр:** тарбия, үй-бүлө, ата-эненин орду, социалдашуу, социалдык абал, эмгек тарбиясы, нравалык тарбия, коозДукка тарбиялоо, психологиялык климат.*

*Образовательная деятельность является одним из важнейших вопросов развития личности ребенка. Особенно важно проанализировать развитие ребенка как личности в семейном воспитании. Процесс воспитания в семье является одним из самых сложных проблем. Это связано с тем, что развитие сознания ребенка развивается через развитие умственной деятельности, формирование его эмоциональной воли, развитие темпераментов, характера, навыков и способностей, которые являются индивидуальными чертами личности. Родительское поведение, взаимоуважение и взаимопонимание рассматриваются как образцы для подражания в формировании позитивных качеств в поведении детей. Всегда необходимо создавать благоприятную атмосферу в семье. Дети должны воспитываться с раннего возраста, чтобы уважать и помогать своим родителям и родственникам. В этом случае роль семейного воспитания особенно подчеркивается. Поэтому в процессе воспитания необходимо уделять особое внимание индивидуальным особенностям (темпераменту, характеру, способностям) детей и особенностям возраста.*

***Ключевые слова**: воспитание, семья, место родителей, социализация, социальное положение, трудовое воспитание, нравственное воспитание, воспитание красоты, психологический климат.*

*In this article considers the importance of family upbringing in the development of the child's personality. Upbringing activities are one of the most important issues in the development of children's personality.Especially in family upbringing it is important to analyze the development of the child's personality. There are the most complex and very heavy process on upbringing in each family. Because, these are independent on development of consciousness, the formation of mental activity, their emotional will, the development of temperament, character, abilities, which are the qualities of the individual. Parental behavior, mutual respect them, mutual understanding are considered in the formation of positive qualities in children's behavior. A positive atmosphere must always be created in the family. Children need to be taught from an early age to respect and help their parents and loved ones. In this case, the role of family upbringing is emphasized. Therefore, in the process of upbringing, it is necessary to pay close attention to the individual characteristics (temperament, character, abilities) and age of children.*

***Key words:** education, family, place of parents, socialization, social status, labor education, moral education, beauty education, psychological climate.*

Бала төрөлгөндөн баштап эле үйрөнүү процесси башталат. Үйрөнүү аркылуу тартарбияланат. Тарбиялоо инсандын социалдык сапаттары болгон курчап турган чөйрөгө карата, өзүнө, башка адамдарга болгон мамилелерине багытталат. Социалдык коомдон бала ар кандай тажрыйбаларды топтойт, коомдук баалуулуктарды түшүнөт, мүнөзү, акыл-эси калыптанат, башкалар менен баарлашып, сүйлөшкөндү өздөштүрөт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Мына ушулардын баары биринчи кезекте үй-бүлөнүн таасири аркылуу ишке ашат. Баланы үй-бүлө коргойт, бардык социалдык керектөөлөрүн канаттандырат, ата-энелер баланы коомго аралаштырат, жашоо турмушуна багыт берет, туура жүрүм-турумдарга, социалдык тажрыйба топтоосуна багыт беришет. Ата-энелердин мээрими аркылуу баланын эмоционалдык, руханий, интеллектуалдык сапаттары да өсүп-өнүгөт.

Баланын инсан болуп калыптануусуна тийгизген социалдык факторлордун бири – бул үй-бүлө. Үй-бүлөдө инсандын негизги сапаттары калыптанат.

Бала апасы, атасы, бир туугандары, чоң атасы, чоң апасы менен карым-катнаш процесси башталганда эле анын алгачкы инсандык тармактары калыптана баштайт.

Баланын физикалык, психикалык, руханий жактан өсүп-өнүгүүсүнө үй-бүлө терең таасир тийгизет. Бала биринчи кезекте үй-бүлөдө тарбияланат. Ошондуктан, тарбиялоо процессинде үй-бүлөнүн таасири күчтүү. Үй-бүлө мектепти да, массалык маалымат каражаттарын да, эмгек коллективин да, досторду да, адабият менен искусствонун таасирин да чагылдырат.

Үй-бүлө тарбиялоо процессине канчалык көбүрөөк таасир берсе, ошончолук физикалык, нравалык, эмгек тарбиялары натыйжалуу болот.

Тажрыйбалуу педагог бала кандай үй-бүлө тарбияланып жатканын жана ал үйдөн кандай адам чыгаарын алдын ала эле биле алат.

Ата-энелер – алгачкы тарбиячылар – баланы тарбиялоодо өзгөчө таасир тийгизишет. Ж.Ж. Руссо баланы тарбиялоодо улам кийинки тарбиячы мурдагы тарбиячыга караганда азыраак таасир тийгизет деп белгилеген. Ата-энелер башка тарбиячыларга (бала бакчанын тарбиячысы, башталгыч класстын мугалими, предметтен берген мугалим) караганда алгачкы тарбиячы болуп эсептелет. Үй-бүлө тарбиясын камсыздоо, анын мазмуну, уюштуруу моменттери адамзаттын түбөлүктүү жана жоопкерчиликтүү милдеттери болуп саналат.

Баланын ата-энелер менен терең байланышта болуусу, турмушта өзүн туруктуу абалда сезип, ишенимдүүлүктү, бекем таянычты туят. Ата-энелерде балдардын ийгиликтерине кубануу, канаттануу сезимин жаратат. Мындай мамиле үй-бүлөдө ата-эне менен баланын ортосунда жан дүйнөсүнүн тынчтыгын, бири-бирине болгон жылуу сезимдерин, ишенимдерин, бири-бирин колдоолорун бекемдейт. Ынтымактуу үй-бүлөдө баланын ата-энесин сыйлоосу, ата-эненин баланы коргоосу, кам көрүүсү өөрчүгөн болот.

Бала үй-бүлө мүчөлөрүнө карай, курчап турган чөйрөдөгү адамдарга карай өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашын аныктайт. Үй-бүлө баланын келечекте кандай жолду тандоосуна таасирин тийгизет. Алгачкы турмуштук тажрыйбаларды бала үй-бүлөдө алат.

А.С. Макаренко үй-бүлөнүн курамына өзгөчө көңүл бурган. Ал «толук» жана «толук эмес» үй-бүлө деп бөлүп караган. Толук эмес үй-бүлөгө атасы же энеси жоктор кирет. Үй-бүлөнүн курамына карата баланын тарбияланышы жана ийгиликтүү социалдашуусу белгиленген.

Толук эмес үй-бүлөдө эгерде атасы жок болсо, ал үй-бүлөдө эркек адамга болгон терс сезимдер, балада үй-бүлө жөнүндө бүдөмүк түшүнүктөр болушу мүмкүн. Үй-бүлөдөгү конфликттик кырдаалдар да балага жагымсыз абалды түзөт, материалдык жактан жетишсиздиктер мектеп менен байланышты солгундатат.

Толук эмес үй-бүлөнү бала чоң ата, чоң энесинин колунда же эжелеринде, туугандарында тарбияланып жаткандар да түзөт. Мындай үй-бүлөнү ата-энеси ажырашып кеткендер же ата-энеси кайтыш болуп кеткендер түзөт.

Азыркы мезгилде турмуш шартка байланыштуу ата-энелери ички же тышкы мигрант болуп толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө. Үй-бүлөдө кризистер болууда. Мындай кризис баланы тарбиялоодо үй-бүлөдө негизги функциялардын бузулуусуна туш кылууда. Кризистин негизги себеби экономикалык кырдаалдарга байланыштуу. Турмуш шартка байланыштуу Кыргызстанда көп үй-бүлөлөр балдарын жакындарына таштап, башка жактарга иштеп кетүүгө аргасыз болушууда. Мындай үй-бүлөдө балдардын тарбиялануусу кыйынчылыктарды жаратууда. Үй-бүлөдө ата-энесинин жоктугу балдарга терс таасирлерди берүүдө. Өзгөчө өспүрүм курактагы балдарда суицидге алып келген учурлар да кездешүүдө. Ал эми кичинекей бөбөктөрдү жакын туугандары токмоктоп, өлүмгө алып келген учурлар да бар. Кээ бир үй-бүлөдө арак ичимдигине берилген ата-энелер бар. Демек, мындай үй-бүлөдө кандай тарбия болушу мүмкүн. Ошондуктан, жагымсыз шартта тарбияланып жаткан үй-бүлөдөгү балдарга мектеп жана социалдык жактан коргоо кызматкерлери тыгыз иш алып баруулары зарыл.

Бала кандай коомдо, кандай үй-бүлөдө тарбияланып жатса да ал ошол коомдо социалдашуусу керек.

Социалдашуу – бул «индивиддин социалдык чөйрөнү өздөштүрүүсү», «социалдык таасирлерди өздөштүрүүсү», «баланын социалдык байланыштарга катышуусу».

Бала чоңойгонго чейин социалдашуусунда үй-бүлөдө ата-эненин жардамына муктаж. Баланын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



инсан болуп калыптануусуна, баланын физикалык, психикалык, социалдык өнүгүүсүнө ата-энелердин таасири зор. Ата-эне баланы акырындык менен коомго аралаштырып, анын коомдук көз караштарын калыптандырат.

Бала жашаган мамлекеттин маданиятын, нравалык нормаларын, ошол элдин каада-салтын балага үйрөтүү – ата-эненин түздөн-түз милдети болуп эсептелет.

Балдар биринчи кезекте үй-бүлөдө тарбияланат. Ата-эне баланын биринчи тарбиячысы болуп саналат.

Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо – татаал социалдык – педагоги калык процесс болуп эсептелет. Ата-эне баласына көңүл буруп, кам көрүп, турмуштагы ар кандай жагымсыз шарттардан, кыйынчылык, тосковолдуктардан коргойт. Ата-эненин жеке жүрүм-турумдары – баланы тарбиялоодогу негизги таасирлүү каражат болуп эсептелет.

Баланын турмуштук жеткиликтүү тажрыйбасы болбогондуктан, чоңдордун аракеттерин тууроого шыктуу болот. Ата-эненин мүнөзү, мамилелери, сыйурматтоолору, көйгөйлөрдү чечүүлөрү, сүйлөгөн сөздөрү, жүрүм-турумдарын бала кабыл алат жана аны үлгү катары колдонот.

Курчап турган чөйрөдөгү социалдык микрочөйрө, үй-бүлөдөгү психологиялык климат, тарбиялоонун шарттары, ата-эне менен баланын өз ара мамилелери, ат а-эненини инсандык сапаттары балага чоң таасирин тийгизет. Өзгөчө баланын мүнөздөгү өзгөчөлүктөргө таасири зор. Баланын дүйнөнү кабыл алуусу, нравалык ынанууларынын калыптануусунда ата-энесинин орду өзгөчө таасирдүү.

Үй-бүлө тарбиясы – бул татаал система. Буга тукум куучулук, баланын табигый ден-соолугу, материалдык-экономикалык камсыздалынышы, социалдык абалы, үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны, жашаган жери, балага карата болгон маилелери да таасир этет. Үй-бүлөнүн милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

- баланын өсүп-өнүгүүсүнө максималдуу шарттарды түзүү;
- баланы социалдык-экономикалыку жана психологиялык жактан коргоону камсыздоо;
- үй-бүлөнү түзүү жана сактоо боюнча тажрыйбаларга баланы тарбиялоо жана улууларды урматтоого үйрөтүү;
- балага жакындарга жардам берүүгө үйрөтүү;
- баланын өз жетишкендиктерин сезүүгө тарбиялоо.

Бала үйүнөн алгачкы нравалык сабактарды алат, ансыз балада нравалык көндүмдөр, түшүнүктөр калыптанбайт. Бала ар кандай иш-аракеттерге көңүл буруп, байкоо жүргүзүүгө үйрөтүү зарыл, бала менен кошо ойноп, берген суроолорго жооп берип, туура эмес нерселерди түшүндүрүп айтып берүү керек.

Мектепке чейинки курактагы балдардын негизги ишмердүүлүгү оюн иш-аракеттери болуп саналат. Бала оюн процессинде турмуштан алган тажрыйбаларын чагылдырат. Ошондуктан ата-эне баланын оюнуна көңүл буруп, багыт берип туруулары зарыл. Ошондо бала эмне жакшы, эмне жаман экенин түшүнөт, нравалык сапаттарды баалайт. Бала алгачкы нравалык тажрыйбаларды топтойт, улууларды сыйлоого, алардын берген акыл-насааттарын угууга үйрөнөт, жакшы нерселерге кубанууга, жакшы иштерди жасоого үйрөнөт.

Нравалык сапаттар баланын акыл-эсинин өнүгүүсү менен коштолот. Алар тил аркылуу берилгендиктен, сөз байлыктары көбөйөт. Балдардын сөз байлыктарын өстүрүү үчүн ата-эне жаратылыш кубулуштарын байкоого, анда көргөндөрүн айтып берүүгө, жомокторду угууга, суроолорду берүүгө ж.б. үйрөтөт.

Баланын сөзүн өстүрүү аркылуу анын маданияты жогорулайт, акыл-эси, нравалык жана эстетикалык сапаттары өсөт.

Бала чоңойгон сайын тарбиялоонун милдеттери, каражаттары, методдору да өзгөрүп турат. Таза абада кыймылдуу оюндарды ойнотуу, санитардык-гигиеналык даярдыктар, маданий гигиеналык көндүмдөрдү калыптандыруу зарыл. Кыздар мененуул балдардын өз ара туура мамилелерин, бири-бирине кам көрө билүүлөрүн үөрөтүү керек. Буга атасы менен энесинин үлгүлүү жүрүм-турумдары тарбиялоонуну жакшы каражаты болуп саналат. Балдар атасы менен энесинин бири-бирин сыйлап, жакшы өз ара түшүнүшүү мамилелерин көрүшсө, аларды ата-энесин, бир тууугандарын сыйлоо менен өздөрү да бири-бирин сыйлоого, бири-бирине жакшы, мээримдүү мамиле жасоону үйрөнүшөт. Балалык кезден эле жакындарын сүйүү сезимдерин калыптандыруу зарыл.

Үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоого кеңири орун берилет. Балдар турмуш тиричилик иштерине тартылып, ата-энелерине жардам беришет. Бала мектепке барганга чейин эле эмгекке тартылса, ал мектепке барганда окуу процессин да ийгиликтүү өздөштүрөт. Баланы эмгекчилдикке тарбиялоо нравалык тарбиянын жакшы көрсөткүчү болуп эсептелет.

Үй-бүлөдө балага эстетикалык тарбия берүү үчүн жагымдуу шарттар болуусу абзел. Кооздукту сүйүү балада ачык түстөгү кооз оюнчуктардан, кооз сүрөттүү китептерден, кооздолгон жагымдуу комнаталардан башталат. Бала чоңогон сайын театр музейлерге барып, андагы чыгармаларды кабыл алуулары

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эстетикалык өнүгүүлөрүнө шарт түзөт. Эстетикалык тарбиянын негизги каражаттары – бул жаратылыштын кооздугун, кайталангыс сулуулугун кабылдоолор болуп саналат. Бала жаратылышты кабылдоодо табияттын сулуулугуна таң калып, кубанып, куштардын сайраганын угуп, сүйүнүү сезимдери калыптанат. Турмуш тиричиликтеги сулуулук, кооздуктардын тарбиялык мааниси чоң. Балдар үйгө кооз ыңгайлуу шарт түзүүдө ата-энелерине жардам беришет. Тыкан жана табити менен кийинүү да сулуулукту сезүү сезимин тарбиялайт.

Демек, үй-бүлө – бул баланын мамилелешүүсүнүн алгачкы мектеби. Бала үй-бүлөдө улууларды сыйлоону, улгайган адамдарга, оруулуу адамдарга кам көрүүгө үйрөнөт. Эмгектенүү процессинде бирибирине жардам берүү керектигин түшүнүшөт. Эмгекчилдикке, жоопкерчиликке, баштаган ишин аягына чыгара билүүгө үйрөнүшөт. Эстетикалык тарбияда кооздукту, сулуулукту сүйүү сезимдери калыптанат. Балдар ата-энелердин өтө эле акыл насаат айта бергенди, буйрук түрүндө айткандарды, оройлукту, өтө майдаланган көзөмөлдү, ишенбөөчүлүктү жактырышпайт.

А.С. Макаренко айткандай: «Сиздин өзүңүздү жүрүм-турумуңуз – бала үчүн эң чечкиндүү нерсе». Бала бул таптаза барак. Ал ата-энесинен алган маалыматтарды өзүнө сиңирет. Ата-эненин сүйлөгөн сөзү, кийген кийими, башкалар менен сүйлөшкөн мамилелери, тамак ичүүдө өзүн алып жүрүүсү ж.б. – мунун баары балага эталон болуп эсептелет.

**Адабияттар:**

1. Макаренко А.С. О воспитании. - М., Полит. литер., 1988.
2. Андреева Г.М. Социальная психология. - М., 2010.
3. Макаренко А.С. Лекции о воспитании детей. Пед. соч. - 8 т. - М., 1984.
4. Тыныбек кызы К., Миталипов К. Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы. - Бишкек, 2010.
5. Михашенко А.Л. Семейная педагогика. - Курган, 2011.